УДК 325:4

# КОКОН ХАНДЫГЫНДАГЫ БАШКАРУУ
# УПРАВЛЕНИЕ В КОКАНДСКОМ ХАНСТВЕ
# MANAGEMENT IN THE KOKAND KHANATE

***Алымкулов Б.Н. – саясий илимдеринин кандидаты, ЖАМУ,***
***e-mail:a.begijan@mail.ru***

***Аннотация:*** *Макалада хандыктагы башкаруу түзүлүшү өзгөчөлүктөрү, диний башкаруучулар, атка минерлер жана бийлик ээлеринин ишмердүүлүгү саясий өңүттө баяндалат.*

***Аннотация:*** *В статье, особенности формы управления в ханстве, правящее племя, духовенство, правящие слои чиновников, военных и деятельность представителей власти изложены с научной точки зрения.*

***Annotation:*** *In the article, the peculiarities of the form of government in the Khanate, the ruling tribe, the clergy, the ruling layers of officials, the military and the activities of the representatives of power are laid out scientifically.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Бийлик, “Хан,, кушбеги, шейх-ул-ислам, казы-калан, казы” титулдары, Хандык кеңеш, бийлик төбөлдөрү, хандыктагы саясий башкаруучулар.*

***Ключевые слова:*** *Власть, титулы “хан, кушбеги, шейх-уль-ислам, кази-калан, казы”, ханский совет, верхушка власти, политическое правление в ханстве.*

***Key words:*** *Power, the title of "Khan, kushbegi, Sheikh-ul-Islam Qadi-Kala, kazi," Khan Council, the tip of the authorities, the political rule in the Khanate.*

Кокон ээлиги XIXк. биринчи жарымында Борбордук Азиядагы эң ири хандыктардын бирине айланган. Ээлеген аймагы кеңейип, Теңир-Тоодон Балхаш көлү андан ары Арал деңизине чейин, ал эми калкынын саны кыргыздардын, өзбектердин, казактардын, тажиктердин эсебинен көбөйүп, Түркстан чөлкөмүнүн дээрлик бардык бөлүгүн камтыган. Кыргыздардын бардык уруулары XIX к. 30-жылдарынын орто ченинде Кокон хандыгынын бийлиги астында калат. Ошол мезгилде Кокон мамлекети областтарга, вилаеттерге бөлүнгөн.

Хандыкта жашаган бардык элдердин өкүлдөрү ээликтин коомдук саясий турмушуна жигердүү аралашышкан. Бийликтин эң жогорку тепкичинде хан, андан кийин биринчи бийлик орунy миң башыга, экинчи орун кушбегине, андан соң парваначы (датка) жана башкаларга туура келген. Жогоруда аталган бийлик орундары хандыкта кыргыз, өзбек, кыпчак элдери тарабынан бөлүштүрүлүп, кыргыздар менен кыпчактарга миң башылык, амирляшкердик, аталык, датка, наиб, ынак орундары туура келген. Ал эми чакан шаарларга бектер, кыштактарга, чарбалык турмушка аксакалдар жетекчилик кылышкан. Манаптар ири урууларды, бийлер уруктарды башкарган. Көчмөн кыргыздардын арасында бийлер сот милдетин аткарып, отурукташкан, дыйканчылык менен тиричилик өткөргөндөрдө сот бийлиги казынын колунда болгон. Сот ишин кыргыз бийлери элдин үрп-адатынын, казылар болсо шарыяттын негизинде жүргүзүп келишкен.

«Хан» байыркы түрк (кан), монгол (каан) титулу, чексиз укуктуу бийлөөчү деген маанини түшүндүрөт. Белгилүү тарыхчы Ж.Алымбаев: “Хан титулун Борбордук Азия аймагындагы Кокон, Хива, Афганистан, мамлекеттеринин башчылары алып жүрүшкөн, Бухара мамлекетинин башчысы гана “Эмир” деп аталган. Кокон Хандыгында бийликтин башында хан турган. Хандын алдында анын жакындарынан куралган коомдук маселелерди чечүүчү хандык кеңеш болгон. Хандыктын саясий турмушунда маанилүү ролду дин өкүлдөрү да ойношкон”-деп жазат.[**1**]

Ал эми Кокон хандыгына саякат жасаган Г.Потанин: "Хан өз алдынча башкарат, ал эч кандай соту жок эле күнөөсүнө жараша кол алдындагыларды кызматтан алат же өлүм жазасына буйруйт" – деп хан бийлигине мүнөздөмө берген .**[2]**

Бул мезгилде так талашуу маселеси кадимки эле көрүнүшкө айланып, карапайым калктан баштап, акыр аягы хандын өлүмү менен аяктагандыгы маалым. Ханды алмаштыруу түшүнүгү көпчүлүк мезгилде ханды өлтүрүү катары бааланып, натыйжасында Кокон хандары "ордо оюндарына" кабылышкан жана ордо төңкөрүшүнүн курмандыгына айланышкан. Түркстан чөлкөмүндө 167 жыл ээлик кылган Кокон хандыгынын тарыхында 21 хан өз бийлигин жүргүзгөн болсо, кээ бирлери 1 жыл, 3 ай, 11 күн гана башкарып, атайын өлтүрүлгөндөрдүн катарын толукташкан. Алардын ичинен үч жолу бийликке ээлик кылган Кудаяр хан гана чет өлкөгө качып кетүүгө аргасыз болгон.

Кокон хандыгы административдик-башкаруу түзүлүшү боюнча хаким, бек, кушбеги тарабынан башкарылган кичине, орто жана чоң вилаеттерден түзүлүп, анын башында хакимдер, бектер турган. Жергиликтүү бийлик хан тарабынан дайындалган бектердин колунда болгон. Кээ бир тарыхый булактарда бектердин карамагында кыргыздын бийлери, байлары, аксакалдары, айылдык башчылары, кол өнөрчүлөрү, акимдер, саркарлар, хандын жарчылары, эшик агалары, мырза башчылары, казначылар, имамдар, мутавалилар, хатибдер, карыялар, корбашчылар, карабугбечтери, жүзбашылар, раистер, мирабтар, тархандар ж.б. кызматчылар иштеген. Белгилүү чыгыш таануучусу А.Кундун берген маалыматы боюнча, хандык: Кокон, Маргалаң, Анжиян, Шахрихан, Чартак, Сох, Наманган, Касан, Махрам, Балыкчы, Араван, Ноокат, Касан, Булак-Башы сыяктуу 15 бектиктен тургандыгы айтылат. **[3]**

Ошондой эле хандыктын ээлеген аймагын кенейтүү максатында согуштук аракеттер жүргүзүлүп, улам жаңы вилаеттер, бектиктер түзүлүп турган. Ал эми орус тилиндеги тарыхый булактарга таяна турган болсок, вилаеттин башында хаким, бек, кушбеги турган. Мезгилинде Кокон ээлиги тууралуу кызыктуу маалыматтарды топтошкон белгилүү аалымдар: Д.Тельятников, А.С.Безносиковдор: "Чоң шаарларды башкарган бийлик төбөлдөрү, областтын хакимдерине баш ийишип, алар жөн гана бек деп аталган. Айрымдары чинге ээ болушкан" – деп белгилешкен.**[4]**

Чоң аймакты башкарган бектердин карамагында күчтүү аскери жана калың казынасы болгон. Өз кезегинде мындай мүмкүнчүлүккө ээ болгон бектер көз карандысыз болууну самап, башкаруучу ханга коркунуч жаратып турган учурлар кездешет. Буга мисал катары Ташкендин беги ("беклербек"-"бектердин беги" деген наамды алып жүргөн) хандын уруксатысыз эле күнөөкөрлөрдү жазалап, жада калса өлүм жазасына да тарта алган. Андан сырткары аскер бөлүгүндөгү жүз башы, паңсат башы сыяктуу аскер кызматтарга дайындоо жана кызматтан алууга укуктуу болгон. Алардын негизги функцияларынын бири согуш учурунда хандыкты аскер менен камсыз кылуу эле. Вилаеттеги сот иштерин казылар жүргүзгөн. Ал эми бек сот ишине, анын чечимине кийлигишкен эмес. Бирок аны көзөмөлдөп турган.

1831-жылдан баштап, өзүнүн ишмердиги алысты көрө билген көсөм, эл аралык мамилелерге баам салган саясатчы катары таасын көрүнүп турган, Кокон хандыгынын саясий турмушуна дээрлик 35 жыл бою активдүү аралашып, өмүрүнүн акырында хандын вазири мартабасына арзып ханга тете бийликти өз колуна топтоого жетишкен Алымбек датка Асан бий уулунун тарыхый ордуна токтолсок, "Өзүнүн өткүрлүгү, адамгерчилик касиеттери, адилеттиги, эл бийлөөгө шык-жөндөмү менен тез эле хандыктын калкына таанылып, 1832-жылы 32 жаш курагында Мадали хан аны Анжиян вилаетинин башкаруучусу, беги кызматына дайындайт. Аталган вилаетке Алай менен Ош аймагы жана Ак-Талаа, Жумгал, Тогуз-Торо, Куртка аймагындагы Кыргыздар ошо менен катар Анжиян аймагы толук киргендиги жөнүндө бизге маалым. 1858-жылы тактыны Малабек ээлеп, жаңы хан ага көмөк көрсөтүшкөн кыргыз бийлерин – Алымбекти Анжиянга кайрадан аким, кийинчерээк өзүнө баш увазир, Сейитбек датканы Кожентке аким,

Молдокасымды Ноо чебине комендант, Кыргыз-кыпчак Өтөмбай бийди Ташкентке акимдик кызматына дайындаган. **[5]**

Ошентип, XIX к 50-ж.ж. аягында Кокон хандыгынын саясий турмушунда чоң роль ойногон Алымбек датка, ордодогу эң жогорку бийлик-вазирлик мансапка жетип, дээрлик төрт жыл бою (1858-1862-ж.ж.) хандыктын тагдырын чечип турган.

Хандыктын учурунда Вилаеттеги башкаруучулардын катарын раистер да толукташкандыгы маалым. Тарых беттеринде белгилүү болуп келген мындай маалыматты толук берүүгө болот. Алар хан же бектер тарабынан дайындалып, билими, жүрүм-туруму жагынан өзгөчөлөнгөн калк арасында кадр баркы бар адам гана раис боло алган. Раистер, ар кандай коомдук тартипти бузгандарды өздөрүнүн буйругу аркылуу жазалоо иштерин жүргүзүшкөн. Раистердин карамагындагы атайын кызмат кылган адамдары болгон. Тарыхый маалыматтарда белгиленгендей раистер атайын салтанаттуу иш-чараларга, аш-тойлорго, киши каза болгондо, ж.б. чакырылган. Өзгөчө белгилеп кетүүчү нерсе, раистер коомдук тартипке көз салуу, бей-бечараларга байлардын зекет берүүсүнө, соттун чечимдерин ишке ашыруусуна, айрыкча эл арасында исламдын нормаларынын сакталышына көзөмөл жасаган. Ал эми айыл жергесиндеги административдик башкаруу аксакалдарга таандык болуп, хакимдер тарабынан шайланган. Бирок шаардын аксакалдары хан тарабынан дайындалып, атайын ага хандын грамотасы тапшырылган. Аксакалдардын негизги милдетине соодагерлер, кол өнөрчүлөр, тургундардын ортосундагы пикир келишпестиктерди териштирүү жана аларды элдештирүү иштери кирген. Алар эл үчүн маанилүү болгон иштерди хакимдер менен биргеликте чечишкен. Ошол эле учурда аксакалдардын бийлиги чектелүү болгон. Алардын чечимине наразы болгондор, даттанууга укуктуу болушкан.

Адилет иштеринин жүргүзүлүшү боюнча хандыкта сот системасы мусулманчылыктын адат жана шарият нормаларына таянып жүргүзүлүп, бектердин, хандын өкүлү катары сот иштерине Ясаул катышкан. Хандыктагы жогорку сот бийлиги казыларга таандык деп Д.Тельятников, А.С.Безносиков кеңири маалыматын беришкен. Казылардын алдында бир канча муфтийлер, ягламдар болгон. Муфтийлер азыркы мезгилдеги адвокаттардын функцияларын аткарышкан. Ясаулдун милдети-казынын чечимдерин ханга жеткирүү, сот жараянына катышуу, чечимди аткарууга көзөмөл жүргүзүү, сотко күнөлүү адамдарды алып келүү болгон. Кокон хандыгынын сот системасында кылмыш үчүн жазалоонун бир канча түрлөрү колдонулган. Атап айтсак; бармагын, кулагын кесүү, көзүн оюп алуу, орго салуу болгон. Эң кеңири тараган жазалоо ыкмасы-ташпараңга алуу эсептелген.

Демек, Кокон хандыгындагы башкаруу эрежелерине, түрлөрүнө, тартипти жөнгө салуу маселелерине тарыхый аныктыктарга таянуу менен токтолуп өттүк. Бул маалыматтарды анализдеп көрүү менен, башкаруу эрежелеринин генезиси жөнүндө сөз кыла кетсек, кылым карыткан кыргыз элинин салт билиминде десек болот. Анткени, ортолук хандык болуп саналган Кокон хандыгындагы башкарууга кыргыздар түздөн-түз аралашып, кеп-кеңештерин берип, саясий иштерди жүргүзүүгө чоң таасир көрсөтүп турушкан.

Ал эми башкаруу формасы мурдатан даярдалган эреженин же системанын нугунда эмес, хандыкты башкаруу ишинин зарылдыгына жараша түзүлгөн. Маселен, Кокон деген чоң аймактын башчысы хан титулун алуусу жана кийинки бийлик орундары, алардын функциялары. Белгилүү Кытай ойчулу Конфуцийдин сөзү менен айтканда “Император императордун, ата-атанын, бала-баланын функциясын аткаруу керек”- деген идеясына үндөш. Ушундай эреже аткарылганда гана хандык күчтүү болот, ар ким өз милдетин аткарат. Ал эми Кокон хандыгы деле ушундай тартипте иш алып баргандыгына жогоруда токтолуп өттүк.

Жыйынтыктап айтканда, биринчиден, 167 жыл жашаган Кокон хандыгын изилдөөгө тарыхчы окумуштуулар тарабынан чоң көңүл бурулгандыгына карабастан, азыркы күндө изилденүүчү ой-чуңкуру, дың жерлери көп экендигин эске алуу менен

күндүн актуалдуу маселеси бойдон калууда. Экинчиден, Кокон хандыгындагы башкаруу формаларын, системасын саясий өңүттө изилдөө да коомдук зарылдык экендигин белгилеп кетүүгө болот. Үчүнчүдөн, аз да болсо саясий өңүттө кароо аракеттери көрүлдү, ошого карабастан, терең изилдөөгө алуу шарт экендиги байкалды.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Алымбаев Ж.Б. Кокон хандыгы жана Нүзүп миңбашы. – Б.:Турар. 2015. – С. 59.
2. Записки о Кокандском ханстве хорунжего Потанина // Вестник Импер. Русск. географ. общества. – Ч. 18.,1856. – С. 277.
3. Кун А. Некоторые сведения о Ферганской долине. // Военный сборник, 1876, - №4. – С. 437.
4. Тельятников Д. Безносиков А.С. Обозрение Кокандского ханства в нынешнем его состоянии. // Запис. РГО. Кн. III. – СПб., 1849. – С.200.

5. Алымбек датка жана анын доору: Кыргыздардын чыгаан мамлекеттик ишмери Асан бий уулу Алымбек датканын (1799-1862) 215 жылдык мааракесине арналган жыйнак. // Жооптуу редактор К.С.Молдокасымов. – Бишкек: 2016.- 13-бет, 19-20-бет,